| | |
|---|---|
| **«МАКУЛДАШЫЛДЫ»** | **«БЕКИТИЛГЕН»** |
| Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин **Жамааттык жыйыны** | Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору _____________ Б. И. Исмаилов |
| Протокол № 67-1 от 05.09.2024 | Буйрук №2/0101 |

# Билим берүү программаларына (БП) жана/же билим берүү уюмдарына (БУ) тышкы баалоо жүргүзүү боюнча эксперттик комиссияны түзүү жөнүндө ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо БП жана/же БУ тышкы баалоо жүргүзүү боюнча эксперттик комиссияны түзүүнүн жана анын ишинин тартибин жөнгө салат.
1.2. Комиссия өз ишинде төмөнкү ченемдик укуктук актыларды жана ББПУААнин ички документтерин жетекчиликке алат:
- 2023-жылдын 11-августундагы № 179 “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246-токтому менен бекитилген “Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери”;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- Көз карандысыз аккредитациялоону өткөрүү боюнча эксперттер үчүн ББПУААнин ички ченемдик документтеринин жыйнагы.

## II. Эксперттик комиссияны түзүү жана анын иштөө тартиби.

2.1. Тышкы эксперттик комиссия ББПУААнин директорунун буйругунун негизинде ББПУААнин эксперттеринин маалымат базасына кирген академиялык, кесиптик жана студенттик коомчулуктун күбөлөндүрүлгөн өкүлдөрүнөн түзүлөт. Чет өлкөлүк эксперттер өнөктөш-аккредитациялык агенттиктерден тартылышы мүмкүн.
ББПУАА кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо максатында визитке чейин 14 (он төрт) календардык күн мурда Билим берүү уюмуна эксперттик комиссиянын курамы боюнча расмий кат жиберет.
Билим берүү уюму 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде негиздемеси менен кызыкчылыктардын кагылышынын бар экендиги жөнүндө ББПУАА расмий кат менен кабарлоого укуктуу. ББПУАА зарыл болгон учурда экспертти алмаштырат.
Эксперт ББПУААнин референтине тышкы баалоо процессине байланыштуу потенциалдуу карама-каршылыктарга алып келиши мүмкүн болгон байланыш же өзүнүн кызыкчылыгы жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.
Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү ар бир визиттин алкагында БП жана БУ аккредитациялоо боюнча ишке даярдыгы жөнүндө эксперттин

арызына жана ББПУАА экспертинин этикалык нормалар Кодексине кол коюшат.
Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү ар бир визиттин алкагында БП жана БУ аккредитациялоо боюнча ишке даярдыгы жөнүндө эксперттин арызына кол коюшат жана ББПУАА экспертинин этикалык нормалар Кодексин так сакташат.

2.2. Эксперттик комиссия төрагадан, комиссиянын мүчөлөрүнөн жана референттен турат. Эксперттик комиссиянын төрагасы болуп аккредитациялоо жүргүзүү тажрыйбасы жана эксперттик сертификаты бар жогорку квалификациялуу адис дайындалат. Андайлар жок болсо, өзгөчө тартипте ББПУАА инструктаждан өткөн тажрыйбалуу, квалификациялуу адис төрага болуп дайындалышы мүмкүн.

2.3. Референт ААОПОнун кызматкери же эксперттин жана референттин сертификаты бар, ошондой эле аккредитациялоо боюнча тажрыйбасы бар тажрыйбалуу адис болот.

2.4. Референт эксперттик комиссиянын ишине жтекчилик кылат жана зарыл болгон учурда эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө консультация берет.

2.5. Эксперттерди тандоо ББПУААнин автоматташтырылган башкаруу системасынын жардамы менен ишке ашырылат.

2.7. Эксперттик комиссия БУ барганга чейин тышкы баалоого даярдоо үчүн эксперттерге берилген тапшырмага, тышкы баалоону жүргүзүү учурунда эксперттерге берилген тапшырмага, БУ жана БП тышкы баалоо боюнча отчет жазуу боюнча эксперттерге берилген тапшырмага ылайык иштейт.

## III. Эксперттик комиссиянын ишинин жыйынтыктары

3.1. Эксперт тышкы баалоо отчетунун өзүнүн бөлүгүн БУ баруунун экинчи күнүнүн аягына чейин берүүгө тийиш.

3.2. Эксперттик комиссиянын төрагасы референт менен бирдикте БУ жана/же БП тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү кол койгон отчеттун БУ баруунун экинчи күнүнүн аягына чейин аякташын камсыз кылууга тийиш.

3.3. Эксперттик комиссиянын төрагасы референт менен бирдикте БУ жана/же БП тышкы баалоонун натыйжалары жөнүндө ААОПО алдындагы Аккредитациялоо кеңешинин отурумунда баяндама жасоо үчүн отчет даярдоого милдеттүү.